«Каралды»

ККСнын САБнүн кеңешмесинде

«15» сентябрь 2018-ж

Токтом №2

« Бекитилди»

ККСнын Педагогикалык кеңешинин

2018-жылдын 3 октябрындагы

№1 отурумунда

Пед.кеңештин төрагасы Т.Орунбаев

**Студенттердин билимин баалоонун модулдук- рейтингдик системасынын жобосу**

Студенттердин билимин баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын жобосу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2009-жылдын 25-мартындагы кызмат катынын негизинде кайрадан иштелип чыкты.

## Киришүү

Азыркы учурда жаны технологияларды окуу процессинде пайдалануу жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн структурасынын мазмунун реформалоодо эн зарыл шарттардын бири болуп эсептелет.

Орто кесиптик окуу жайларда зачеттук-сынак сессиясы окуу-тарбия процессинин негизги этабы болуп эсептелет. Анын сапаттуу өткөрүлүшү: так уюштурулушунан, аткарылышынан, көзөмөлүнөн, анализден жана байкоодон көз каранды болот, анын натыйжасында студенттердин сынактык бааларынын обьективдүүлүгү аныкталат. Баалоонун модулдук-рейтиндик системасы (БМРС) окуу ишмердүүлүгүнүн маңызын күчөтүү ар бир студенттин окуу ишинин баасынын жыйынтыгын даана дифференциациялоо жолу менен, окутуучу жактан субъективдүү факторлорду азайтууга мүмкүнчүлүк берет.

Окуу жайдын негизги маселелеринен болуп, инсандын билим алуусу үчүн интеллектуалдык жана маданий жактан өнүгүү талаптарын канааттандыруу эсептелет.

Ала турган билимдин сапатынын жогору болуусуна окуу жайдын профессордук-окутуучулук курамы менен студенттердин биргелешип, эффективдүү иштеши өбөлгө түзөт. Студенттердин билим денгээлинин объективдүү көрүнүшүн профессордук-окутуучулук курамдын окуу процесси ичинде жүргүзгөн көзөмөлүнүн негизинде алууга болот.

Окуу жай билим берүү программаларынын өздөштүрүлүшүнүн сапатын билим алуучулардын жетишүүсүнүн, арадагы аттестациясын жүргүзүү жана бүтүрүүчүлөрдү мамлекеттик аттестациялоо аркылуу баалайт.

**Билим берүү программасынын модулдуулугу** - бул окуу материалын блоктук түрдө берүү. Модуль - окуу процессин пландаштыруу жана ишке ашыруу аркылуу жүргүзүлүүчү билим берүү программасынын элементи.

Модуль окутуунун дидактикалык каражаты болуу менен, коюлган дидактикалык максаттарга жетүү үчүн иш аракеттердин максаттуу пландарын, окуу маалыматынын блогун, калыптануучу компетенциялардын жыйындысын камтыйт.

## 1. Рейтинг системасын колдонуу менен окуу процессин уюштуруунун жана студенттердин билимин баалоонун негизги принциптери

**1.1.** Колледжде окуу процессин уюштуруу жана көзөмөлдөөнүн рейтинг системасынын негизинд ишке ашырылат.

Окуу жайда колдонулуучу рейтинг системасы ар бир дисплинаны окуп үйрөнүүнү убакь боюнча мазмундуу этаптарга бөлүүгө, ар бир этап бүтөөрү менен окуу ишинин бардык негизг түрлөрүн көзөмөлдөө жана көзөмөлдөөнүн жыйынтыгын кеңири көрсөтүүгө болот.

**1.2.** Баалоонун модулдук- рейтингдик системасы (**БМРС**) бир катар жакшы жактарга ээ жаң позитивдик педагогикалык жаңы ыкмаларды ишке ашырат:

- жазуу түрүндөгү баалоонун оозеки түрдөгү баалонун алдындагы приоритети;
- баалоонун көп баллдуу шкаласын классикалык беш баллдуулуктун (эң жакшы, жакш канааттандырарлык, канааттандырарлык эмес) негизинде пайдалануу;
- кезектеги жана сынактык жалпы бааларынын жыйынтыктарын суммалоо, мында студентте жыйынтык баа алуу үчүн семестр ичинде көбүрөөк жогорку балл алганга аракет жасашат, б студенттер ар бир семестрдин аягында гана эмес, семестр ичинде аракеттенишет;
- студенттин окуудагы жетишкендиктеринин көрсөткүчү катары анын жекече рейтингин киргизүү.

**1.3. БМРСтин максаттары:**

- окуу процессин уюштурууну учур талабына ылайык күчөтүү аркылуу билим сапатын көтөрү профессордук–окутуучулар курамы менен студенттердин ишин окутуунун мазмунун жана усулу жаңылоо жана жакшыртуу боюнча активдештирүү;
- адистиктин багыты боюнча билим берүү программасынын студенттер тарабыны өздөштүрүлүшүнүн сапатын рейтингдик баалоо жана дайыма көзөмөлдөө.

**1.4. БМРСтин негизги принциптери:**

- компакттуулугу(белгилөө бир мөөнөткө бир нече дисциплиналардын блогуну калыптанышы – календардык модуль);
- ар бир окуу дисциплинасынын мазмунунун өзгөчөлөнгөн бөлүктөр боюнча структураланыш – дисциплина боюнча модуль;
- окутууну рационалдуу уюштуруунун эсебинен жана анын жыйынтыктарын тынымсь көзөмөлдөө аркылуу студенттердин өз алдынча иштерин интенсификациялоо;
- жогорку билим берүү программасын өздөштүрүүдө студенттердин мотивациясы жогорулатууда, ошондой эле окутуунун мазмунун жана усулун өз учурунда коррекциялоод окутуунун жетишилген жыйынтыктарын рейтингдөө;
- студенттер менен окутуучулардын иштеринин жыйынтыктарын регулярдуу жана объективдү баалоо.

- окуу процессинин бардык катышуучуларынын (студенттер, профессордук-окутуучулук курам колледждин окуу-жардамчы жана административдик башкаруу персоналдары) аткару дисциплиналарынын катуу сакталышы.

**1.5.** Студент өзүнүн өз алдынча иштеринин активдештирилишинин негизги факторлорунун бир болуп эсептелген рейтингинин өзгөрүшү боюнча регулярдуу маалымат алып турууcу керек.

**1.6.** Студенттин бардык окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнүн жыйынтыктары рейтингдик баллда аркылуу бааланат. Максималдык балл- 100 балл болот, ал эми чегерме(зачет) же канааттандырарлы баа алуу үчүн 50дөн кем эмес балл топтолушу керек.

**Семестр ичинде дисциплина боюнча модулдардын баллдарынын рейтингтин түрүнө карата бөлүнүшү**

**№1-таблица**

| **Текшерүүнүн түрлөрү** | | **Семестр ичиндеги модулдардын саны** | |
|---|---|---|---|
| | | **1 модуль** | **2 модуль** |
| Учурдагы рейтинг-көзөмөл (УРК) | min 20 | **10** | **10** |
| | max 40 | **20** | **20** |
| Арадагы рейтинг-көзөмөл (АРК) | min 30 | **15** | **15** |
| | **max 60** | **30** | **30** |
| Модулдук -рейтинг (М.Р.) | min | **25** | **25** |
| | **max** | **50** | **50** |
| Жыйынтык рейтинг-көзөмөл (ЖРК) | min | **50** | |
| | **max** | **100** | |
| Жыйынтык көзөмөл(ЖК) (сынак/зачетко берилүүчү кошумча балл) | **max** | **20 га чейин** | |
| Дисциплина боюнча жыйынтыктоочу рейтинг (ДЖР) | min | **50** | |
| | **max** | **100** | |

***Эскертүү:*** *Сынак зачетко берилүүчү 20га чейинки балл негизги баллдан (100 баллдык система) сырткары кошумча зачет сынак үчүн берилет.*

**1.7.** Дисциплиналык модуль боюнча рейтингдик баллдар материалдын маанилүүлүгүнө жана татаалдыгына жараша бөлүнөт. Ар бир дисциплина боюнча 2 дисциплиналык модуль өткөрүлүүгө тийиш.

**1.8.** Дисциплина боюнча жумушчу программада учурдагы иштин түрлөрү жана арадагы көзөмөлдөө жүргүзүүнүн формалары, дисциплиналык модулдардын рейтингдик баллдарынын диапазону көрсөтүлөт. Учурдагы иштин түрлөрү боюнча баллдарды бөлүштүрүүдө практикалык(семинардык лабораториялык) сабактардын санын, окуу материалынын, өз алдынча иштердин татаалдыгын эске алуу зарыл.

**1.9.**Календардык модуль ичинде окутуучу студент тарабынан керектүү өлчөмдөгү балл алуусуна бирдей шарт түзүп берүүсү керек.

**2.Негизги түшүнүктөр жана терминдер.**

Дисциплинанын модулдук түзүлүшү модулдардын туруктуу вариантын бөлүп көрсөтүүнү түшүндүрөт.Туруктуу дисциплиналык модулдарга төмөнкүлөр кирет.

**Киришүү текшерүү** – жаңы дисциплинаны окуп-үйрөнүүдө зарыл болгон мурда окутулган аралаш дисциплиналардын өздөштүрүлүшүнөн калган билимдер.

**Учурдагы рейтинг–көзөмөл(УРК)-** окуу программасына кирген, сөзсүз түрдө аткарылууга тийиш болгон бардык дисциплиналардын аудиториялык же студенттердин өз алдынча иштеринин(бардык түрдөгү практикаларды өтөө, курстук, дипломдук иштерди жазуу) окуу мезгилиндеги баллга айландырылган жыйынтык баасы.

**Арадагы рейтинг-көзөмөл(АРК)-** ар бир дисциплиналык модулду өздөштүрүүдө студенттердин алган билимдерин, билгичтиктерин контролдук –текстик (текшерүүчү) тапшырмаларды (тестирлөө, текшерүү иш, бардык түрдөгү практикаларды жыйынтыктоо, курстук, дипломдук иштерди коргоо) аткартуунун жардамында баалоонун жыйынтыгы.

**Модулдук рейтинг(МР)** - студенттин модулду өздөштүрүүдөн алган билимдерин баалоонун жыйынтыгы, учурдагы жана арадагы көзөмөлдөөнүн жыйынтык суммасы, б.а. **МР=УРК+АРК.**

**Жыйынтыктоочу рейтинг–көзөмөл(ЖРК)** - бул дисциплиналык эки модуль боюнча учурдагы жана арадагы көзөмөлдөөнүн жыйынтык суммасы,

б.а. **ЖРК=МР1+МР2.**

**Дисциплина боюнча жыйынтыктоочу рейтинг(ДЖР)** - жыйынтыктоочу рейтинг – көзөмөлдөө(**ЖРК**) жыйынтыгы менен аныкталып, студент тарабынан дисциплинанын экинчи модулу тез окулуп өздөштүрүлгөндөн кийинки баллынын жана зачет сынактык баллынын суммасы,

б.а. **ДЖР=МР1+МР2+зарыл болсо ЖК(сынак/зачет )**

**Суммардык рейтинг(СР)** - анык бир окуу мезгилинде (семестр, курс, толук окуу процесси ичинде) студенттин комплекстик топтолуучу жетишүүсүн аныктоочу көрсөткүч.Суммардык рейтинг студенттердин билиминин өздөштүрүүсү боюнча анализин чыгаруу менен жогорку жана төмөнкү көрсөткүчкө ээ болгон студенттердин жетишүүсүнүн жыйынтыгын бөлүштүрүүгө(хит-парадын түзүүгө ) мүмкүндүк берет.

**Кошумча балл топтоо** –академиялык карыздарды жоюуга милдеттүү же өзүнүн рейтингин жогорулатууну каалаган студенттердин билимин кошумча сабактар аркылуу текшерүү.

**Рейтинг** – студенттин окуу процесси мезгилинде бардык окуу ишмердүүлүгүн интегралдуу баалоонун жыйынтыгы, ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

- окуу дисциплиналарын окуп –үйрөнүү;
- курстук иштерди жазуу жана коргоо;
- бардык түрдөгү практикаларды өтүү;
- жыйынтыктоочу макмлекеттик аттестациядан өтүү.

**Аралык аттестация** –студентти курстан курска көчүрүү же окуудан чыгаруу чечимин аныктоо үчүн окуу жылы ичинде студенттин билим алуусунун жыйынтыгын чыгаруу.

## 3.Окуу процессинин усулдук камсыздалышы.

3.1. Лектор тарабынан окуу программасынын структурасына толук дал келгендей окуу дисциплинасынын жумушчу программасы даярдалат. Дисциплинанын жумушчу программасында окуу планындагы практикалык (семинардык, лабораториялык) сабактарды өтүүгө бөлүнгөн аудиториялык сааттардын жалпы көлөмүнүн ичинен ар бир модулдун аягында арадагы рейтинг - көзөмөлдөө өткөрүү үчүн эки саатан ашпаган саат көлөмү пландаштырылышы зарыл.

3.2. Окуу дисциплинасынын жумушчу программасы төмөнкүдөй минималдык структурага ээ болуусу керек:

- **Титулдук барак (1-тиркеме );**
- **Киришүү,** мында курстун максаты, реквизиттери, иштин ар бир түрү боюнча академиялык жетишүүгө коюлуучу рейтингдик баалоонун талаптары көрсөтүлөт.
- **Курстун тематикалык планы,** мында дисциплиналык модулга кирген лекциялык жана практикалык(лабораториялык, семинардык) сабактардын темалары, студенттердин өз алдынча иштоолорунун турлору саатарга болунуп жазылат**(2-тиркеме );**

- Арадагы (модулдук) жана жыйынтыктоочу (зачет/сынак) текшерүүнүн **суроолор жана тапшырмалары;**

- **Негизги жана кошумча адабияттардын тизмеси, Интернет –булактар,** (негиз адабияттардын тизмесинде алардын жайгашкан жери көрсөтүлүүсү керек ).

- **Семестр ичинде дисциплиналык модулдун баллдарынын бөлүнүшү:**

Технологиялык карта-окуу планы боюнча дисциплинага бөлүнгөн аудиториялык сааттардын окутулуучу материалдардын көлөмүнө жараша модулдарга бөлүштүрүлгөн сааттарынын жана студенттердин билимин 1 баллдык системада баалоо үчүн ажыратылган баллдардын таблицасы болуп эсептелет.

Мисалы: Аудиториялык-сааты 30с (лекция-10с, практикалык-10с, лабораториялык-10с), СӨАИ-30с болгон, отчеттуулугу экзамен менен бүткөн дисциплинанын технологиялык картасы 100 баллды 2 модулга бөлөбүз: модулга 50 балл, 2-модулга 50 балл. 1-модулга бөлүнгөн 50 баллдын 40% (20балл) учурдагы рейтинг-көзөмөлгө, 60%ы (30 балл) арадагы рейтинг-көзөмөл үчүн ажыратылат. Учурдагы рейтинг-көзөмөлдүн 20 баллы төмөнкүдөй чыгарылат:

УРК [УРК(лекция)+УРК(практика)+УРК(лаборатория)+УРК(СӨАИ)]:4

| Дисциплина | Жалпы саат | Анын ичинен | | Учурдагы рейтинг көзөмөл | | | | АРК | I Модул | Учурдагы рейтинг көзөмөл | | | | АРК | II модул | Жый.рей.көз.I-II | Жый. көзөмөл зачет, сынак кошумча балл | Дисц.-ча жыйын. рейтинг |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Аудит. | СӨАИ | Лекция | Практика | Лабора-я | СӨАИ | | | Лекция | Практика | Лабора-я | СӨАИ | | | | | |
| | 60 | 30 | 30 | 20б чей | 20б чей | 20б чей | 20б чей | 30б чей | 50б чей | 20б чей | 20б чей | 20б чей | 20б чей | 30б чей | 50б чей | 10 0б чей | 20б чейин | 100б чейин |
| | | | | $\frac{20+20+20+20}{4}$ | | | | | | $\frac{20+20+20+20}{4}$ | | | | | | | | |

Ар бир дисциплиналык модулдардын мазмуну төмөнкү формада жазылат.

| Текшерүүнүн түрлөрү | Окуу тапшырмасынын түрлөрү, текшерүүнүн формасы | Ар бир текшерүүнүн баллы | Берилүүчү балл. 1-модул | 2-модул |
|---|---|---|---|---|
| Учурдагы рейтинг-көзөмөл (УРК) | Лекциялык суроо тапшырмалар. | 20баллга чейин | (20+20+20+20):4 | (20+20+20+20):4 |
| | Практикалык иштин мазмуну жана аткаруу формасы. | 20баллга чейин | | |
| | Лабораториялык иштин мазмуну жана аткаруу формасы. | 20баллга чейин | | |
| | Өз алдынча иштердин формасы жана аткаруу формасы. | 20баллга чейин | | |
| Арадагы рейтинг-көзөмөл (АРК) | Тестирлөө (текшерүү иштери) билеттик тапшырмалар | | 30баллга чейин | 30баллга чейин |
| Модулдук рейтинг | | | 50баллга чейин | 50баллга чейин |
| Жыйынтык рейтинг-көзөмөл ЖР | | | 100баллга чейин | |
| Кошумча балл | | | 20баллга чейин | |
| Дисциплина боюнча жыйынтык рейтинг (ДЖР) | | | 100баллга чейин | |

3.3. Эгерде адистиги же багыты боюнча студенттердин контингенти 2 (же андан көп) лекциялык агымга бөлүнгөн болсо, анда бул адистиктин же багыттын лекторлору тарабынан ар бир дисциплиналык модуль боюнча бирдей көлөмдөгү, мазмундагы жана студенттердин билимин баалоонун жалпы критерийлерин кармаган жалпы жумушчу программа түзүлөт.

## 4. Билимди баалоонун учурдагы рейтинг-көзөмөлүнөн (УРК) уюштуруунун мазмуну жана аны өткөрүү тартиби.

4.1 Студенттердин жетишүүсүнүн учурдагы көзөмөлүнүн уюштурулушу жана аны эффективдүүлүгү үчүн окуу болуму жана кафедра башчысы, ал эми конкреттүү дисциплинала боюнча – алардын формаларын жана усулдарын тынымсыз өнүктүрүп туруучу окутуучулар жооптуу

4.2 Студенттердин билимин баалоонун учурдагы көзөмөлдөөнүн төмөнкүдөй түрлөрү болуш мүмкүн:

- лекциялык, практикалык, семинардык сабактардын мазмунун оозеки суроо;
- берилген жазуу тапшырмаларынын жана иштеринин (графикалык ж. б.) аткарылып жаткандыгын баалоо;
- лабораториялык иштердин аткарылышы жана корголушу;
- студенттердин өз алдынча иштерин көзөмөлдөөнүн (жазуу же оозеки түрдө) ж.б.

4.3. Учурдагы рейтинг– көзөмөл (УРК) учурунда, окутуучу студенттин активтүүлүгүнө жараша а бир дисциплинардык модуль учун 5 баллга чейин кошумча балл бергенге укуктуу. Мындан сырткарı учурдагы иштерди өз учурунда аткарбагандыгы, практикалык (семинардык, лабораториялык сабактарда жооп бербегендиги үчүн студенттин топтогон баллынын өлчөмүн азайтуу менен «жаза (штраф) колдонууга да укуктуу.

4.4. Эгерде студент практикалык (семинардык, лабораториялык ) сабактарга катышпаса, анда ал нө балл менен бааланат.

4.5. Эгерде студент дисциплиналык модулду себептүү окубаган болсо, анда ал кийинк дисциплиналык модулга киргизилип, балл топтоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот, ал эми себепси окубаган болсо, анда декандын уруксаты менен киргизилет. Студент карызы бар дисциплиналы модулду жыйынтыктоочу көзөмөлгө чейин учурдагы консультациянын эсебинен (кошумча саба учурунда) тапшырууга милдеттүү. Консультатция (кошумча сабак) өткөндүгү үчүн практикалы (семинардык, лабораториялык) сабактарды окуткан окутуучуга бекитилген убакыт нормасын ылайык саат бөлүнөт.

## 5. Билимди баалоонун арадагы рейтинг– көзөмөлүн (АРК) уюштуруунун мазмуну жана аны өткөрүү тартиби.

5.1. Арадагы рейтинг-көзөмөл үчүн бардык дисциплиналык модуль боюнча иштерди (тестирлөє текшерүү иш, бардык түрдөгү практикаларды жыйынтыктоо курстук, дипломдук иштерди корго же коллоквиум ж.б.) аткаруунун сапатына жараша коюлуучу баллдардын саны **30дан (минималдыı маани ) 60ка чейин (максималдык маани ) болот (№1 таблица).**

5.2. Окуу модулун өздөштүрүү лекциялык эмес, практикалык (семинардык лабораториялык сабактар менен аякталышы керек. Эң акыркы практикалык (семинардык, лабораториялык) сабакт арадагы көзөмөл жүргүзүлөт.

Арадагы көзөмөл учурунда окутуучу дисциплиналык модуль үчүн УРК жыйынтыгын чыгары студенттерге жалпы топтогон баллын (модулдук рейтингин ) угузат.

5.3. Эгерде студент өзүнүн рейтингдик баасын жогорулаткысы келсе, анда ал акыркı практикалык (семинардык, лабораториялык) сабакта окутуучуга билдирүүсү керек. Студенттердиı билимин кошумча текшерүү модуль окулуп бүткөндөн кийин бир жуманын ичинде өткөрүлөт мында окутуучу, студент аз сандагы балл топтогон темаларга басым жасайт. Эгерде студент билимиı кошумча баалоо учурунда жетишерлик балл топтой албаса, анда анын мурда алган баллы сакталат .

5.4. Студент качан гана модулда камтылган бардык окуу иштеринин түрлөрүн аткарган болсо модулдан өткөн болуп эсептелет.

АРК жыйынтыгы балл түрүндө рейтингдик ведомостко коюлат (№3 тиркеме).

5.5. Эгерде студент арадагы көзөмолгө себепсиз катышпаса, анда ага нөл балл коюлат, ал көрсөтүлгөн мөөнөтүнөн кечирээк тапшырса, анда рейтингдик баа коюуда 0,8 төмөндөөтү коэффициент киргизилет, б.а. АРК баллы х 0,8 =жыйынтык баллы.

5.6. Эгерде семестр ичинде экинчи арадагы көзөмөл (АРК) өткөрүлгөндө студент бири модуль боюнча карыз болуп калса, анда ал карызын график боюнча модулдук жума ичинде жоюу керек.

## 6. Жыйынтыктоочу көзөмөлдөө (ЖК) уюштуруунун мазмунун жана аны өткөрүү тартиби

6.1. Жыйынтыктоочу көзөмөл (ЖК) окуу дисциплинасынын толук көлөмү боюнча студент билимдерин, билгичтиктерин жана жөндөмдүүлүктөрүн кошумча балл алуу үчүн колдонулат.

6.2. Жыйынтыктоочу көзөмөлдө өткөрүүнүн формасы окуу планын эске алуу менен кафе тарабынан аныкталып, зачет же сынак (компьютердик бланкалык тестирлөө) түрүндө жүргүзүлөт.

6.3. Студент дисциплина боюнча зачет алуусу үчүн календардык модуль ичинде эки модул тапшыруу менен 50 дон жогорку балл топтоосу керек. Бул учурда сынактык ведомостко жа зачеттук китепчеге «өттү» деген белги менен топтогон баллы жазылат.

6.4. Эгерде студенттин топтогон баллы жыйынтыктоочу академиялык баа коюуга жетишт болсо, анда ал жыйынтыктоочу көзөмөлдөн (сынак/зачеттон ) бошотулат. Эгерде студе «автоматтык» түрдө коюлуучу баага канааттанбаса, анда ал модулдук баллын жогоруулатуу үч жыйынтыктоочу көзөмөлгө (сынак / зачетко катышуу менен кошумча рейтингдик балл ал мүмкүнчүлүгүнө ээ.

6.5. Жыйынтык рейтингдик балл төмөнкү схема боюнча беш баллдык системага келтирилет

| ЖРК баллы | Сынактык баасы | Зачет |
|---|---|---|
| 0 дон 49 га чейин | «канааттандырарлык эмес» | «өткөн жок» |
| 50 дон 69 га чейин | «канааттандырарлык» | «өттү» |
| 70 тен 85 ке чейин | «жакшы» | |
| 86 тен 100 ге чейин | «эн жакшы» | |

6.6. Семестр ичинде минималдык 50 балл топтой албаган студентке кошумча балл топтоо үчү эки жумалык мөөнөт берилет.

Эгерде студент эки жума аралыгында 50 дон жогорку балл топтой албаса, анда академиялык карыздарды жоюу үчүн кафедра башчысынын, директордун (орун басарынын) катышуусу мене атайын комиссия түзүлөт. Комиссиянын ишинин мөөнөтү окуу бөлүмү тарабынан аныкталат.

6.7. 4 же андан көп академиялык карызы бар студент окуудан чыгарылат, ал эми 1-академиялык карызы бар студент 1 айлык мөөнөт менен карызын жоюу (комиссияга тапшыруу шарты менен шарттуу түрдө жогорку курска которулат. Эгерде ал мөөнөттүн ичинде карызы жойбосо, студенттердин катарынан четтетилет.

## 7. Аралык аттестацияны (АР) уюштуруунун мазмуну жана аны өткөрүү тартиби.

7.1. Студенттерди аралык аттестациялоо алардын билиминин дисциплина боюнча жыйынты рейтингинин (ДЖР) жыйынтыгына негизделет. Аралык аттестациялоонун жыйынтыгы студенттерди стипендияга көрсөтүү, курстан курска көчүрүү, окуудан четтетүү ж.б. окуу процессин байланышкан маселелерди чечүүдө колдонулат.

7.2. Дисциплина боюнча аралык аттестациялоонуун түрлөрү жана жалпы мөөнөтү ошол адистикт окуу планында көрсөтүлөт. Аралык аттестациялоону өткөрүү ар бир окуу семестринин аягын жүргүзүлөт. Тайпалардын семестр үчүн окуу процессин түзүүдө бир дисциплина боюнча 2 жо көзөмөл коюлат.

7.3. Окуу иштеринин сапатын баалоонун модулдук –рейтингдик системасы жекече окутууга (жеке ведомость менен ) өткөрүлгөн студенттер үчүн да аткарылат.

7.4. Студенттердин аудиториялык сабактарга катышуусун көзөмөлдөөгө, академиялык карыздар жоюуга, сынактарды кайрадан тапшырууга ж.б. байланышкан маселелер окуу жайдын уставын жана башка окуу ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу нормативтик – укуктук документтердин негизин жүргүзүлөт.

7.5. Баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын (БМРС) жыйынтыгы жана окуу процесс жакшыртуу боюнча сунуштар кафедранын отурумунда,САБдө, Педагогикалык кенеш отурумдарында каралат.